Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№16 [16974] ИШЕМБИ, 28/06/2025

## Кара-Суу районунда дан эгиндерин жыйноо башталды



**Тынчтыкбек Досмуратов:**

## “ТЕСТТИН ЖЫЙЫНТЫГЫНА ЭМЕС, БИЛИМГЕ БАА БЕРИЛИШ КЕРЕК”



5-бетте

## “ОСАГО” полиси кандай иштейт жана анын пайдасы



6-бетте

## ЖАЛГЫЗ ЖОЛ – ДИПЛОМАТИЯ. ЖАЛГЫЗ ҮМҮТ – ТЫНЧТЫК



3-бетте

**Нурланбек Орозалиев:**

## “Калктын саламатчылыгы көңүл борборунда”



4-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана). 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
Н.Өмүрзакова

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 811**
**Нускасы: 1800**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Төрага Нурланбек Тургунбек уулу Ноокат районунда болду



Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу Ош облусунун Ноокат районуна иш сапары менен барды.

Алгач Төрага Киров айылында жайгашкан Абдула Кодирий атындагы жалпы негизги билим берүү мектебинин абалы менен таанышты.

Алсак, аталган мектеп 1994-жылы ашар жолу менен курулган, учурда 500дөн ашуун окуучу үч нөөмөт менен билим алууда.

Эскилиги жеткен мектепти көрүп чыккан Төрага Нурланбек Тургунбек уулу коштоп барган тиешелүү жетекчилерге тез арада жаңы окуу имаратын куруу тапшырмасын берди.

Ошондой эле айыл тургундары менен жолугушуп, көйгөйлөрдү жергиликтүү элдин өзүнөн угуп, өз көзү менен көрүп кетүү үчүн келгенин баса белгиледи.

"Миң уккандан бир көргөн артык" деген жакшы кеп бар. Ошондуктан тиешелүү жетекчилерди ээрчите келип, маселелерди жеринде чечүү максатында иш сапар уюштурдум. Өлкөбүздөгү ири райондордун бири саналган Ноокат жергесинде да социалдык-инфраструктуралык маселелер аз эмес. Башкы көйгөйлөрдүн бири саналган жолдун курулушу жакынкы аралыкта аягына чыгат. Эми бала бакча, мектеп, оорукана жана таза суу өңдүү маселелерди да чечип алышыбыз керек", – деген Төрага Жогорку Кеңештин депутаттары аталган маселелерге астейдил көңүл буруп жатканын кошумчалады.

Анын ичинен Ноокат районунан чыккан алты эл өкүлү, өз аймактарынын эле эмес, жалпы өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошуп жатышканын белгиледи.

Муну менен катар өлкө экономикасы акыркы жылдары жигердүү өнүгүп жатканын сөз кылган Нурланбек Тургунбек уулу быйылкы жылдын январь-май айларындагы көрсөткүч 12%га чыкканын мисал кылды.

Андан соң, Төрага ошол эле айылдагы "Аяна" мектепке чейинки билим берүү мекемесинен да кабар алды.

Ашар ыкмасы менен 1968-жылы курулган бала бакчанын имараты 60 гана балага ылайыкташтырылган. Учурда 85 бала тарбияланып жаткан менен дагы 100 бала кезекте турат. Ошондуктан, кошумча имарат куруу зарыл.

Жогорку Кеңештин Төрагасы бүгүнкү күндү эле эмес, келечектеги муктаждыкты да эске алып, жаңы бала бакча куруу тууралуу тиешелүү тапшырмаларды берди.

"Балдар биздин келечегибиз. Андыктан, аларга азыртан кам көрүп, бардык керектүү шарттарды түзүп беришибиз керек. Социалдык мекемелерди азыркы муктаждыкка эле карабай, 10-15-жылдан кийин кайра куруу зарылчылыгы болбогудай шартта салышыбыз керек", – деди Нурланбек Тургунбек уулу.

Эскерте кетсек, Төраганы ЖК депутаттары Надира Нарматова, Нилуфар Алимжанова, Советбек Рустамбек уулу, Равшанбек Рысбаев, Сайпидин Зулпуев жана башка тиешелүү жетекчилер коштоп барды.

# Кара-Суу районунда дан эгиндерин жыйноо башталды



Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Отуз-Адыр айыл аймагындагы Кыргыз сорт сыноо ишканасынын эгин талаасында кылкандуу дан эгиндерин оруп-жыйноо боюнча иш-чара өтүп, буудай жыйноого расмий түрдө старт берилди.

Иш-чарага Ош облусунун башчысынын биринчи орун басары Курбанбек Айтибаев, райондук бийлик өкүлдөрү, айыл чарба адистери жана жергиликтүү дыйкандар катышты.

Анын жүрүшүндө Курбанбек Айтибаев сөз сүйлөп, бул иш-чара айыл чарба тармагындагы жетишкендиктерди көрсөтүү жана мындан аркы максаттарды аныктоо үчүн маанилүү экенин баса белгиледи. Ал ошондой эле дыйкандар менен адистердин ортосунда тажрыйба алмашуу, натыйжалуу агротехникалык ыкмаларды жайылтуу – түшүмдүүлүктү арттырууда маанилүү роль ойной турганын белгиледи.

Маалым болгондой, быйыл Отуз-Адыр айыл аймагындагы Кыргыз сорт сыноо ишканасынын базасында 39 гектар аянтка буудай, 22 гектар жерге арпа айдалган. Бул аянттарда жергиликтүү климаттык шарттарга ыңгайлаштырылган, түшүмдүүлүгү жогору жаңы сорттор сыноодон өткөрүлүүдө. Бүгүнкү оруп-жыйноо иш-чарасы дал ушул тажрыйбалуу талаанын жыйынтыктарын практикада көрсөтүүгө жана аны башка дыйкандарга жайылтууга багытталган.

Белгилей кетсек, быйыл Ош облусу боюнча жалпы 40 миң гектар аянтка буудай, 24 миң гектарга арпа эгилген. Жалпысынан 64 миң гектар аянттагы дан эгиндерин жыйноо иштери облустун аймагында буга чейин Араван районунун Төө-Моюн айылында башталган. Оруп-жыйноо иштери август айына чейин улант.

# Ишкердик субъекттердин укуктары корголот

Ош облустук прокуратурасынын демилгеси менен ишкердик субъекттерди укуктук коргоо, алардын ишине укук коргоо, фискалдык жана контролдоочу органдардын негизсиз кийлигишүүсүн чектетүүдө, укук коргоо органдары тарабынан текшерүү жүргүзүүдө коррупциялык тобокелчиликтерге каршы аракеттенүү боюнча Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын имаратында жыйын уюштурулду. Бул иш чарага Кара-Суу районунун прокуратурасы, Мамлекеттик салык кызматы органынын жана көзөмөлдөөчү органдарынын жетекчилери жана өкүлдөрү катышышты.

Аталган иш-чаранын жүрүшүндө Ош облусунун жана Кара-Суу районунун прокуратура органдарынын кызматкерлери тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары тарабынан ишкердик субъекттерге жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү прокуратура жана КР Экономика жана коммерция министрлигинин органдарында каттоонун тартиби жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан ишкердик субъекттеринин ишмердүүлүгүнө негизсиз кийлигишүү жана текшерүү фактылары аныкталган учурда күнөөлүү адамдар мыйзамдын талабына ылайык жоопкерчиликке тартыла тургандыгы баса белгиленди.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан иштелип чыккан "Ишкердик субъекттерди текшерүүлөрдү каттоо боюнча" автоматташтырылган маалыматтык системасы жана "Бизнести коргоо" боюнча мобилдик тиркемеси тууралуу маалыматтар айтылып, түшүндүрмөлөр берилди.

Мындан сырткары, иш-чаранын жүрүшүндө контролдоочу органдардын айрым кызматкерлеринин суроолоруна жооптор берилди.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# ЖАЛГЫЗ ЖОЛ – ДИПЛОМАТИЯ. ЖАЛГЫЗ ҮМҮТ – ТЫНЧТЫК

**Аты ааламга таанымал улуу кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов чыгармаларында бүткүл адамзатка тиешелүү болгон глобалдуу маселе - жер шарындагы тынчтык, тилектештик, бир тугандык жана биримдик тууралуу, бул адамзатынын келечегине зарыл болгон баалуулуктарды сактоо тууралуу таасирдүү жазып кеткен. Жер шарындагы тынчтык адамзаты үчүн башкы нерсе эмеспи. Ага карабай, бүгүнкү күндө адамзаты өзүнүн өнүгүү тарыхында көп согуштарды башынан өткөрсө деле сабак болбой, геосаясый тирешүүлөр, согуштук окуялар жүз берип жатат. Россия менен Украина, Израиль менен Палестина, Иран менен Израиль, ага аралашып кетип Ирандын үч өзөктүк объектилерине сокку урган АКШ дүйнө элин кооптондурбай койгон жок. АКШнын Ирандын өзөктүк обьектилерине сокку урганына кооптонушуп, БУУнун Башкы катчысы Антониу Гуттериш, бир катар мамлекеттер эскалацияга жол берилбешин жана тынчсызданганын айтып чыгышты.**



Белгилей кетсек, үстүбүздөгү жылы 13-июнда Израиль Ирандын өзөктүк ишканаларына абадан чабуул койгон. Аны улай Ирандын армиясы да Израилдин аймагын дрондор жана ракеталар менен бутага алган. (AiA) Reuters агенттиги Израилдин борбордук райондорунда жарылуулардын добушу угулганын жергиликтүү тургундарга таянып жазган.

Ошондой эле АКШ Ирандын өзөктүк объектилерине сокку ургандан кийин Тегеран Израилге ракеталык чабуулун баштаганын ЦАХАЛ уюму билдирген. АКШ Ирандын үч өзөктүк объектисине – Фордо, Натанз жана Исфаханга сокку урганын Кошмо Штаттардын президенти Дональд Трамп билдирген.

“Бомбалардын толук топтому негизги объект – Фордого ташталды”, - деп Трамп Truth Social баракчасына жазган. Axios басылмасы булактарына таянып жазгандай, АКШ Иранга сокку урууга камынып жатканын Израилге алдын ала билдирген. Израилдик жогорку кызмат адамы басылмага бул соккулар үчүн B-2 бомбалоочу учактары колдонулганын айткан.

Исфахан провинциясынын губернаторунун орун басары Натанзеде жана Исфаханда бир канча жарылуунун добушу угулганын, өзөктүк обьектилерге жакын жерге сокку урулганын көргөнүн ырастаган.

Өлкөнүн Кум провинциясынын өкүлүнүн айтымында, "Фордодогу өзөктүк объектинин бир бөлүгү аба соккусуна кабылды".

Ирандын маалымат каражаттары Фордо өзөктүк объектиси 90 метр терендикте жайгашканын жана АКШнын аба соккуларына туруштук бере ала тургандай бекем курулганын жазышууда. “Фарда” радиосу Ирандын парламентиндеги Кум аймагынын депутаты Мухаммад Манан Раисинин “Фордо өзөктүк объектиси олуттуу зыян тарткан жок, зыянга учураган негизги бөлүгү жер үстүндө болгон жана аны калыбына келтирүүгө болот” деп айтканын жазды. Ал “адамдарга коркунуч туудурушу мүмкүн болгон нерселер алдын ала чыгарылып кеткенин жана радиоктивдүү коркунуч тууралуу маалымат жок экенин” белгилеген. Al Jazeera каналы Ирандын өзөктүк энергия уюмуна таянып жазгандай, АКШнын өзөктүк объектилерге соккусунан кийин ал жерлерде радиациялык коркунуч жаралган эмес.

АКШнын президенти Дональд Трамп 24- июнда Иран менен Израиль ага кайрылып, тынчтык сураганын айткан. Эгерде, бул келишим аткарылбаса эки өлкө тең көп нерсе жогото турганын эскерткен. Бул тууралуу чет элдик басылмалар жазышкан. “Израиль менен Иран дээрлик бир убакта келип “тынчтык” дешти. Тынчтык Жакынкы Чыгыштын чыныгы жеңүүчүсү экенин билчүмүн. Келечекте эки өлкө көп нерсеге ээ болушат. Эгерде, алар адилеттүүлүк жана чындык жолунан адашса баарын жоготушат“, деген ал. Американын лидери буга чейин Израиль менен Иран 12 күндүк согушту 24 сааттан кийин расмий түрдө токтото турганын билдирген эле. Анын айтымында, ок атышууну биринчилерден болуп Иран токтотот. Израиль 12 сааттын ичинде бул келишимди ишке ашырат.

Жакынкы убактарда АКШ президенти Дональд Трамп Израиль менен Иран ок атышууну токтотуу келишимин бузганын айтып, эки тарапка тең нааразы экенин билдирди. Ошол эле кезде АКШ лидери ок атышууну токтотуу келишими күчүндө экенин айтты. Бул тууралуу ал Truth Social социалдык тармагындагы баракчасына жазды.

"Израил Иранга кол салбайт. Бардык учактар артка кайрылып, үйүнө кайтат. Эч ким жабыркабайт, ок атышууну токтотуу аракети күчүндө",- деп жазды ал.

Мунун алдында Дональд Трамп Израилге кайрылып, Иранга чабуулду улантуу – келишимди одоно бузуу болоорун айткан.

24-июнда Израилдин коргоо министри Исраэл Кац Иран ок атышууну токтотуу келишимин бузганын билдирип, армияга соккуларды улантуу буйругун бергенин айткан. Кац өз билдирүүсүндө Иранды келишимди бузуп, Израилге ракета менен чабуул койду деп айыптаган.

Ирандын куралдуу күчтөрү Израилге ракета атылганы тууралуу билдирүүлөр жалган экенин билдирген.

Ирандын мамлекеттик телеканалы 24-июндун таңында Израиль менен аскердик жаңжалда ок атышууну токтотуу режими башталганын билдирген. Ирандын тышкы иштер министри Аббас Аракчи X социалдык тармактагы баракчасына Ирандын армиясынын аскердик операциялары жергиликтүү убакыт боюнча таңкы саат төрттө токтотулганын жарыялаган.

Израилдин премьер-министри Биньямин Нетаньяху да тараптар ок атышууну токтотуу боюнча макулдашканын айткан.

Өткөн шейшембиде Ирандын саламаттыкты сактоо министри Мохаммад Реза Зафаргани акыркы бир суткада Израилдин чабуулдарынан 107 адамдын өмүрү кыйылганын билдирди. Анын айтымында, Израиль чабуул жасаган 13-июндан бери жалпы 606 адам каза болуп, 5000ден ашууну жаракат алды.

"Алардын болжол менен 95% уранды алдында калып каза болгон, ал эми 5% ооруканага жеткирилгенден кийин жаракаттарынан улам көз жумган", - деди министр. Каза тапкандар арасында жогорку кызматтагы аскер жетекчилери жана өзөктүк программаны иштеп чыгууга катышкан окумуштуулар бар экени айтылды. "Ирандагы адам укуктарын коргоочулары" уюму каза тапкандардын саны расмий маалыматтан эки эсе көп болушу мүмкүн деп билдирүүдө.

Ирандагы кырдаалга көз салып жаткан Human Rights Activists News Agency (HRANA) бейөкмөт уюму тараткан маалыматка караганда, 19-июнга карата каза болгондор 657 киши, жараат алгандар 2037 деп эсептелди. Уюм каза тапкандардын кеминде 263ү жайкын тургундар (көбү Тегеранда), 20сы балдар экенин билдирген, мындан тышкары 230 маркумдун тек-жайы белгисиз.

Ал эми Израилдин расмийлери Ирандын соккуларынын 24 адам каза болгонун, 800дөйү жараат алганын бир нече күн мурда кабарлаган.

БУУнун баш катчысы Антониу Гутерриш АКШнын Ирандын өзөктүк объектилерине сокку урганын “кооптуу эскалация” деп билдирди. Анын пикиринде, учурда “чыр-чатак тез арада көзөмөлдөн чыгып кетип, жайкын тургундарга, аймакка жана жалпы дүйнөгө оор кесепеттерди алып келиши мүмкүн болгон тобокелдик өсүп жатат”.

“Бул кооптуу учурда башаламандык айлампасына түшүп кетүүдөн сактануу өтө маанилүү. Аскердик чечим жок. Жалгыз жол – дипломатия. Жалгыз үмүт – тынчтык”,-деп жазды Гутерриш X социалдык тармагындагы баракчасына.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

**Кабарлар**

## ОшМУда “Ыйман” балдар бакчасы ачылды



Салтанаттуу аземге Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев, ректор Кудайберди Кожобеков баштаган жамаат катышты.

Балдар бакча Ош шаарынын Манас-Ата кичи шаарчасынын Уркуя Салиева көчөсүндө жайгашкан. 140 орунга ылайыкташкан мекеме ОшМУнун ички каражатынын эсебинен оңдоп-түзөөдөн өткөн.

ОшМУнун “Ыйман” балдар бакчасы жеткинчектерди орус тили жана көп тилдүүлүккө басым жасап, тарбиялап окутат. Андан сырткары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен англис, арап, түрк тилдери үйрөтүлөт. Ал эми жогорку жана мектепке даярдоочу тайпаларда кыздар үчүн хореография, балдарга самбо ийримдери иштейт. Учурда балдар кабыл алынып, 3 тайпада балдар тарбияланууда.

**З.Нуралиева.**

## Ош технологиялык университети 4 жылдызга ээ болду

Ош технологиялык университети (ОшТУ) дүйнөлүк деңгээлдеги QS Stars рейтингдик системасында төрт жылдыздуу сертификатка ээ болду. Бул глобалдык программа жогорку окуу жайлардын сапатын ар түрдүү көрсөткүчтөр боюнча талдап, 1ден 5ке чейин жылдыз ыйгарат.

QS Stars — QS Quacquarelli Symonds аналитикалык борбору тарабынан иштелип чыккан ыктыярдуу сертификация системасы. Университеттер 30дан ашуун көрсөткүч боюнча тастыкталган маалыматтарды тапшырып, натыйжада алардын күчтүү жактары абитуриенттерге, иш берүүчүлөргө жана илимий коомчулукка айкын чагылдырылат.

Көз карандысыз баалоо көрсөткөндөй, ОшТУ төмөнкү багыттар боюнча жогорку жетишкендиктерге жетишти:

- Окутуу процесси — Индивидуалдуу мамиле, заманбап окутуу ыкмалары жана студенттердин жогорку баасы белгиленди.
- Бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыздоо — ОшТУнун бүтүрүүчүлөрү кесиби боюнча жумушка орношуп, университет алардын өнүгүүсүнө колдоо көрсөтөт.
- Ачык-айкын башкаруу — Ачык-айкын башкаруу, туруктуу башкаруу процесстери жана инклюзивдүү кадр саясаты бааланды.
- Инфраструктура — Университеттин кампусу заманбап лабораториялар, спорттук жана маданий жайлар менен камсыздалып, билим алуу жана эс алуу үчүн ыңгайлуу шарт түзүлгөн.
- Экологиялык жоопкерчилик — “Жашыл” технологиялар киргизилип, туруктуу өнүгүү боюнча студенттер менен кызматкерлерди камтыган долбоорлор ишке ашырылууда.
- Көп багыттуу программалар — Сапаттуу жана багытталган билим берүү программалары ишке ашырылууда.

«Бул сыйлык — окутуучулардын, студенттердин жана өнөктөштөрдүн биргелешкен эмгегинин жыйынтыгы. Ал биздин билим берүүнүн сапатын мындан ары да жогорулатууга, илимди өнүктүрүүгө жана эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө шыктандырат», — деди ОшТУнун ректору, профессор Турсунбаев Жанболот Жанышович.

ОшТУнун администрациясы бул жетишкендикке салым кошкон жалпы университеттик коомчулукка ыраазычылык билдирет жана мындан аркы өнөктөштүккө чакырат.

**А.Эргешова.**

**Ноокат райондор аралык ооруулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун башкы дарыгери Нурланбек Орозалиев:**

# “Калктын саламатчылыгы көңүл борборунда”



Орозалиев Нурланбек Өсөрович 1983-жылы 6-декабрда Чоң-Алай районунда туулган. Орто мектепти аяктаган соң, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына тапшырып, 2007-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ошол эле жылы Чоң-Алай райондук ОАА жана МСЭКБга көзөмөлдөө борборуна санитардык бөлүмгө жумушка орношот. Кийин Чоң-Алай районунда башкы дарыгерлик кызматына дайындалат. Баткен облусундагы Баткен райондук ОАА жана МСЭКБнун башкы дарыгери кызматына которулат.

2021-жылы пандемия учурунда Ноокат районуна ОАА жана МСЭКБ на башкы дарыгер кызматына которулуп, ошол эле жылы Араван району менен Ноокат районундагы борборлор бириктирилип, райондор боюнча башкы дарыгерлик кызматын жетектеп келе жатат.

Ноокат райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборун башкы дарыгер Орозалиев Нурланбек Өсөрович жетектейт.

Долбоор менен иш алып барууда Бүткүл дүйнөлүк Азия өнүктүрүү банкынан лабораторияларды колдоо жана туруктуу өнүктүрүү программасынын негизинде 13 млн. сомдук долбоор ишке ашырылып, азыркы учурда ремонттоо иштери жүргүзүлүүдө.

Ушул эле программанын негизинде Араван районунда да ишке ашыруу пландалууда.

Вирусология лабораториясы 2023-жылдан бери иштеп жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды алдын алууда Ноокат райондор аралык ОАА жана МСЭКБгы ПЦР лабораториясында 29 вирусологиялык жана башка лабораториялык изилдөөлөр жүргүзүлүп жатат.

2025-жылдын 3 айында вирусологиялык лабораториясынын кызматкерлери тарабынан ИФА ыкмасы менен изилдөө жүргүзүү үчүн анализдерди (кан) чогултуу үчүн кабинет уюштурулуп, 1 медкызматкер тартылган. Ошондой эле изилдөөлөр үчүн тиешелүү жабдууларды, чыгымдалуучу материалдарды жана тест-системаларды (реагенттерди) сатып алдык-дейт башкы дарыгер Нурланбек Орозалиев. 2023-жылдын апрелинен баштап лабораторияда гельминттер (аскарида, токсокара, лямблия, эхинококк, описторх, трихинелла), ВУИ (цитомегаловирус, токсоплазмоз, кызамык, герпес, 1,2 типтеги ВПГ), "А","Б","С","Д","Е" вирустук гепатиттеринин маркерлерине, ЖЖЖИ (микоплазма, уреаплазма), гормондорго (т4 эркин (тироксин),Т3 эркин (трийодтиронин), ТТГ (тиреотроптук гормон), ЛГ (лютеиндештирүүчү гормон), ФГС (фолликулду стимулдаштыруучу гормон), ХГЧ (хорионикалык гонадотропин), пролактин), ИФА ыкмасы менен текшерилүүдө.

Ноокат районунда 2025-жылдын 3 айында ОАА жана МСЭКБу тарабынан райондун аймагында калктын санитардык-эпидемиологиялык бейпилдигин камсыз кылуу, ар түрдүү жугуштуу жана мите курт, өтө кооптуу жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу, аларды болтурбоо жана каршы күрөшүү максатында бир топ пландуу иштер аткарылды.



Ичеги-карын, ич келте ооруларынын алдын алуу боюнча КР ССМнин №6 буйругунун райондун медицина мекемелеринде иш жүзүндө аткарылгандыгы боюнча медициналык мекемелерге (аймактык оорукана, ҮБДТру жана ФАПтар) жай мезгилдерине суюктук ичүүчү каналардын даярдыгы боюнча санитардык көрсөтмө даярдалып берилди.

Ич-өткөк оорусунун катталуу абалы: 2025-жылдын 3 айында 2024-жылдын 3 айына караганда азайгандыгы байкалды. Мисалы: аныкталган козгогучтар аркылуу пайда болгон энтериттер, колиттер 2025-жылдын 3 айында 2 ( инт.көр 0,6 ) болсо, 2024-жылдын 3 айында 6 (инт.көр 2,0) катталып, былтыркы жылга салыштырмалуу 4 оорулууга азайган. Ал эми аныкталбаган жана так бекитилбеген козгогучтар аркылуу пайда болгон энтериттер, колиттер – 19 (инт.көр 6,1) 2024-жылдын 3 айында 6 (инт.көр 2,0 ) былтыркы жылга салыштырганда – 13 учурга көп катталды.



Жалпысынан ич-өткөк оорусу менен 2025-жылдын 3 айында – 21 оору катталган.

Сарык оорусу: 2025- жылдын 3 айында Ноокат районунун аймагында жугуштуу сарык оорусу 140-учур (инт.көр- 45,1) катталып, анын ичинен 14- жашка чейинкилери 131- учур (инт.көр- 123,3) жугуштуу сарык оорусу катталды. Жугуштуу сарык оорусунун” В “түрү -3 учур (инт.көр- 1,0) катталды, анын ичинен 14 жашка чейинкилер жана ,”С” түрү менен катталганы жок.

Ал эми 2024- жылдын 3- айында 199 -учур (инт.көр- 66,5) катталып ,анын ичинен 14- жашка чейинкилери 192 учур (инт. көр- 182,0) жугуштуу сарык оорусу катталган.

Ноокат районунун аймагында кургак учук оорусунун алдын алуу иш-чаралары комплекстүү иш-пландын негизинде жүргүзүлүүдө. Азыркы күнгө катталуу абалы; 2025-жылдын 3 айында 29 оорулуу катталды , андан 14 жашка чейинкилери 6 учур катталды, кургак учук оорусунун ачык формасы БК+ 10 учур катталды.



Ал эми 2024-жылдын аталган мөөнөтүндө кургак учук оорусу менен–24 оорулуу катталган, кургак учук оорусунун ачык түрү БК+ 8 (2,7) учур катталган. Жалпы салыштырмалуу быйылкы 2025-жылдын 3 айында 5 учурга көп катталган.

Кургак учук оорусунун жугуштуу түрү менен жаш курагы боюнча катталуусу жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй, калктын жумушка жарамдуукатмарынан катталуусу байкалып турат.

Очогордун бациллярдык түрүн кургак учук кабинетинин врач фтизиатры менен биргеликте эпидемиологиялык иликтөө жүргүзүлүп, байланышта болгондор такталып тиешелүү иш чаралар уюштурулуп, оорунун очогунда корутунду зыянсыздандыруу иштери жүргүзүлдү.

Кургак учук оорусунун негизги себептери болуп райондун калкынын миграциялык абалынын болушу, чет мамлекеттерден ооруп келиштеринин себептери болууда. Мисалы: кургак учук БК+ менен катталгандардын-6 мигранттар, б.а РФда иштеп келгендер.

Ноокат районунун калк арасында кургак учук оорусунун алдын алуу боюнча иш-чаралар күчөтүлүп, улантылууда.

Быйылкы жылдын 3 айында , курч мүнөздөгү респиратордук вирустук жугуштуу (ОРВИ) жана сасык тумоо оорусунун бардыгы болуп -1164 оорулуу катталды. Алардан 14- жашка чейинкилер – 1164 ал эми 2024-жылдын 3 айында 746 14-жашка чейинкилер-749 оорулуу катталып,былтыркыга караганда 418 орулууга көп катталган. Айрыкча ымыркайлардын көп ооругандыгы, район боюнча курч мүнөздөгү респиратордук вирустук жугуштуу оорусу өсөндүгү байкалат. Ноокат районунда ОРВИ жана сасык тумоо жугуштуу илдеттерин алдын алуу боюнча бир топ иш-чаралар аткарылды.

ОРВИ жана сасык тумоо оорусунун алдын алуу максатында райондук ОАА жана МСЭКБру тарабынан Ноокат райондук ЖДПБна жана райондук билим берүү мекемелеринин жетекчилерине чыгуу номери 01-22/448 №45 санитардык көрсөтмөсү берилди, ошондой эле бардык медициналык мекемелер ҮБДТда ФАПтарда патронаждык иштер күчөтүлүп үй-бүлө, бала бакча жана мектептер көзөмөлгө алынып жана амбулаторияга кайрылгандар жөнүндө жума сайын райондук ОАА жана МСЭКБна маалымат берилүүдө.

2025-жылдын 3 айында жаныбарлардын тиштөөсүнөн жабыркап кайрылгандардын саны 50 учур, анын ичинен 14 жашка чейинки балдар 28 учур, өткөн 2024-жылдын аталган мөөнөтүндө 63 учур катталса анын ичинен 14 жашка чейинкилер 30 учур. Ноокат райондун аймагында кутурма илдетинин алдын алуу максатында район аралык ОАА жана МСЭКБ ру тарабынан медициналык мекемелерине кутурма оорусунун алдын алуу боюнча 14.02.2025-жыл №48 атайын санитардык көрсөтмө берилди. Ошондой эле райондун аймагындагы айыл аймак жетекчилерине жолбун иттерди атып жок кылуу максатында атайын кызматтык кат жана санитардык көрсөтмөлөр берилди.

2025-жылдын 3 айында райондо ВИЧ-СПИД оорусу менен ооруган адамдардын саны 4 болгон, 2024- жылдын 3 айында 6 катталган. ВИЧ-СПИД ооруларын алдын алуу, оорукана ичинде пайда болуучу жугуштуу ооруларга (ВБИ) каршы жүргүзүлгөн иш-чараларын жана КР Министрлер Кабинетинин №663 токтомунун талаптарынын аткарылышы боюнча ОАА жана МСЭКБнун кызматкерлери тарабынан текшерүүдө жана лабораториялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча 2 санитардык көрсөтмө жана 2 кызматтык кат тийиштүү жетекчилерге берилди.

Калк арасында айрыкча эмдөөдөн баш тарткан ата-энелердин арасында кызамык оорусу жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Санэпид көзөмөл бөлүмү боюнча кезектеги санитардык көзөмөлдө 1009 обьект катталган.

Пландан тышкары текшерүүлөр: 2025-жылдын 1-кварталында Ноокат райондор аралык ОАА жана МСЭКБга жарандардан 3 арыз келип түшкөн, анын ичинен 1 арыз Ноокат борбордук базарынын ишмердүүлүгү боюнча, 2 арызы коомдук тамактануучу жайлардын санитардык-гигиеналык абалы тууралуу жазылган. КРнын Экономика жана коммерция министрлигинин аймактар аралык башкармалыгынын Ош аймактык бөлүмү менен макулдашылып, ишкердик субьектилерине пландан тышкары текшерүү иштери жасалган. “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү” мыйзамынын алкагында жүргүзүлүп, арыздар толугу менен чечилген.

**Б. Ысакова**

Тынчтыкбек Досмуратов:

# “ТЕСТТИН ЖЫЙЫНТЫГЫНА ЭМЕС, БИЛИМГЕ БАА БЕРИЛИШ КЕРЕК”



**Ушул жылдын 23-июнунда Жалпы республикалык тесттин биринчи жана экинчи этаптарынын жыйынтыгы чыгып, эң жогорку упай алган 54 бүтүрүүчү "Алтын сертификаттарга" ээ болушту. Анын аймактар боюнча бөлө келгенде көпчүлүгү Бишкек шаарынын жана орус тилдүү мектептерде окуган окуучулардын упайлары жогору болгон. Ал эми Ош шаарынан эки окуучу гана "Алтын сертификатка" татыган. Ушул темада маек куруп, аймактагы билим сапатына баа берүү үчүн Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын башчысы Тынчтыкбек Досмуратовго суроо салдык.**

**-Тынчтыкбек мырза, саламатсызбы? Быйылкы жылдагы ЖРТнын жыйынтыгы чыгып, “Алтын сертификат” алгандардын саны Оштон экөө болуптур. Негизи бул кандай көрсөткүч деп ойлойсуз?**

-Саламатчылык. Эми бул ЖРТ – жалпы билим сапатын эмес, ЖОЖго тапшырам деген гана окуучулардын ичиндеги көрсөткүч да. Негизинен жалпы 54 окуучу болуп, региондорго бөлө келгенде Бишкек шаарынан көп болуп атат. Анткени ал жакта аймактарга караганда окууга болгон шарттар, анан жашоо турмушу бир топ жогору. Ошентсе дагы биз азыркы жыйынтыктан качпайбыз, бирок алдыда дагы үчүнчү этап бар, ошонун жыйынтыгы чыкканда анан акыркы жыйынтык чыгарсак болот. Бизде былтыр деле ушул үч этапты кошкондо жакшы жыйынтык болгон. Анткен менен ал деле өтө жакшы көрсөткүч болот деп айта албайм. Азыр биз орточо упайды эсептеп атабыз.

Анан бир нерсеге көңүл буруп коюшубуз керек, азыр Кыргызстан боюнча 54 окуучу “Алтын сертификат” алды деп атпайбызбы, бирок, алардын көпчүлүгү өз максатында пайдаланылбайт. Себеби, “Алтын сертификаттын” ээлери ансыз деле кыйын окуучулар болот дагы, булардын көпчүлүгү күн мурунтан эле чет өлкөдөгү башка окуу жайларга өтүп койгон болот же эми өтүшөт. “Алтын сертификат” Кыргызстандын эле ЖОЖдорунун бюджеттик орундарга өтүү үчүн да, бирок тиги окуучулардын көбү чет мамлекеттерге кетет дагы, сертификаттар үйлөрүндө эстелик катары жөн эле калып калат.

Анан мындан дагы маанилүүсү – жалпы тапшырган абитуриенттердин ичинен орточо упай канча болгонун карап чыгып, ошого карап баа бериш керек. Ош шаары жылдан жылга төрттөн, бештен упай менен жогорулап келатат. Быйылкысынын жыйынтыгы да келди, аны биз эсептеп атабыз, ошентип орточо упайдын жалпы жыйынтыгы эртең-бүрсүгүндөн чыгып калат. Ошондо биз башка аймактарга да салыштырып, өзүбүздүн былтыркыбызга салыштырып, жыйынтык чыгарабыз.

**-Эми Сиз, көп жылдан бери билим берүү тармагында эмгектенип келе жатасыз, негизи Ош шаарынан эмес, Ош облусун кошкондо билим берүү деңгээли кандай деп ойлойсуз?**

-Быйылкы ЖРТнын жыйынтыгы менен Ош шаарынан эки “Алтын сертификат” чыкпадыбы, анда жалпы эле Ош деп берилип калыптыр, бирок ал экөө тең Ош шаарыныкы. Анан эң көп упай алгандар боюнча аймактар менен бөлө келгенде Оштон төртөө деп атат, анын ичинен 226 упай менен экөө Ош шаарына караштуу. Бул “Алтын сертификаттан” көп деле айырмаланбаган жогорку көрсөткүч.

Анан билим деңгээли дегенде, чындыгында ар кандай сөздөр айтылат. ЖРТдагы суроолор окуу программасына жараша түзүлбөйт деген сөздөр айтылып калат. Бирок ага кошулбайт элем. Ал жерде суроонун берүү усулу башкача, башкача айтканда, окуп түшүнүү, салыштыруу, аналогия сыяктуу башка усулдары каралат. Анан ошолор мектеп программасынын негизинде, бирок, башкачараак берилет, ал деген критикалык ойлонуунун



алган билимин практикада канчалык деңгээлде колдоно алаарын аныктай турган тапшырмалар көбүрөөк берилет. Ошондуктан, биздин мурунку программаларга ылайык, мектептеги тесттерибиздин баары суроону түзүүдө берилген маалыматты гана эстеп калуусу, тексттерди жаттоосу, эсептерди, эрежелерди жаттамай болуп, ушуга ылайыкталып түзүлүп келген. Бул ошондон бир аз өзгөчөлөнгөндүгүн программадагы жок суроолор деп айтып жатышат, негизи мектеп программасындагы эле суроолор, бирок, өзгөчө суроолор десе болот. Ошондон көбү аксайт. Алдыда мугалимдер бул боюнча да көп иштеш керек болот. Окуучу өзү да издениш керек. Сынамык тесттерге көбүрөөк катышыш керек. Ошондо дагы жыйынтык жакшы болот деп ойлойм.

**-Билим берүү жаатындагы айрым серепчилер быйылкы ЖРТнын жыйынтыгындагы упайлардын Бишкек шаарында көп болгондугун жана орус тилине басым жасалып жатканына байланыштырышты. Алар орус тилиндеги билим берүүгө колдоо көрсөтүлүп жатабы дегендей пикирлерди айтышты. Кыргыз тилиндеги билим берүүгө анчалык көңүл бурулбай калып жатабы дешти. Ушуга кандай дейсиз?**

-Муну интернеттеги социалдык тармактарда мен дагы окудум. 54 окуучунун ичинен эң көп пайызы дедиби, айтор мен ар бир мектепти анализ кылып чыкканым жок, ошол “Алтын сертификат” алгандардын бирөө гана кыргыз тилдүү мектептен, калганы жалаң орус тилдүү мектептердин окуучулары деп атышат.

Негизи окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде деле, кыргыз же өзбек тилдүү мектептерде деле программа бирдей. Алардын келтирген жүйөсү – суроолор биринчи орусча түзүлөт, андан кийин гана кыргыз тилине которулат, суроонун мааниси толук берилбей калат экен дагы, кыргыз тилинде окуган окуучуга түшүнүксүз болуп калат дегендей нерселерди айтып атышат. Бирок, муну өтө терең изилдеш керек. Себеби, айрым окуучулар бар да, мисалы, өмүр бою орус тилдүү мектепте окуп, анан акырында 11-классты кыргыз тилинде окуйм деп ал жакка өтүп, кыргыз тилинде жакшы даярданып, “Алтын сертификат” албаган менен жакшы көрсөткүчкө жетишкен окуучулар көп. Ошондуктан муну тереңирээк изилдеш керек, анан суроолорду түзгөндөрдөн пикир алышса жакшыраак болот беле дейм.

**-Эми сиз шаардык билим берүү башкармалыгында жетекчи болуп иштей баштаганыңызга аз эле болду. Алдыда, 2025-26-окуу жылында кандай жаңычылыктарды киргизейин деп турасыз?**

-Жаңычылдык киргизели деген көп пландар бар. Негизи ЖРТга даярдануунун алкагында атайын борборлорду түзүп, эң ириде биз өзүбүз акча бөлүп, ЖРТга даярдоо боюнча усулдарды үйрөтүүнү улантабыз, күчөтөбүз деген пландарыбыз бар. Андан сырткары, окуучуларды да акылуу жана акысыз сынамык тесттерге катыштырып, эгер, акысыз болсо милдеттендиребиз, акылуу болсо сунуштайбыз дегендей. Ар бир окуучу менен жекече иштөөнү колго алууну ишке ашырууга аракет кылабыз. Андан сырткары, окуу борборлору менен кызматташабыз, анан айтпадымбы, өзүбүз дагы атайын борбор түзүп, мугалимдерди окутуп, алардын тажрыйбаларын башка мугалимдерге жайылтып, ЖРТнын суроо методикаларын, логикасын, дегеле философиясын окуучуларга көбүрөөк жайылтууну көздөп атабыз. Ошондой эле мотивациялык, психологиялык багытта дагы атайын окууларды, иш-чараларды уюштурабыз деп ойлоп атабыз.

**-Акыркы суроо болсун, мен сурабай калган, Сиз айтпай калган дагы кандай маселелер калды? Кошумчалай кетсеңиз?..**

-Эми азыркы учурда соцтармактардан айрымдар айтып атышат, ЖРТнын жыйынтыгы боюнча мектеп жетекчилери менен билим берүү бөлүмдөрүнүн башчыларынын ишмердүүлүгүнө баа берилиш керек депчи. Негизи олимпиада – таланттуу окуулардын сынагы болсо, ЖРТ – ЖОЖго тапшырам дегендердин көрсөткүчү да. Ал эми биз жалпы окуучулардын билим сапатына көңүл бурушубуз керек. Ошолордун билим сапатына карап туруп жыйынтык чыгарганыбыз туура болот. Анткени бардык бала биздин балабыз. Алардын баарынын алган билимдерин келечекте пайдаланып кете алабы деген маселе көбүрөөк маанилүү. Ушуларды айтып кетмекчимин. Ошол эле учурда ЖРТнын жыйынтыгына даярдыкты күчөтө беришибиз керек. Себеби, ЖОЖго өтүп аткандагы ошол упайлардын көрчөткүчү маанилүү да.

**-Рахмат маегиңизге.**

**Маектешкен:**
**Асанбек Каракозуев.**

Камсыздандыруу

# “ОСАГО” полиси кандай иштейт жана анын пайдасы

**1-июлдан тарта ар бир автоунаа ээси үчүн ОСАГО полиси — башкача айтканда, Айдоочунун жарандык жоопкерчилигин милдеттүү түрдө камсыздандыруу талабы күчүнө кирет. Учурда бул боюнча Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкармалыгынын кызматкерлери жана Мамлекеттик камсыздандыруу уюмунун өкүлдөрү айдоочуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, эскертүү берип жатышат. Камсыздандыруу — бул коопсуздуктун кепилдиги. Сизге жакын жердеги Мамлекеттик Камсыздандыруу Уюмуна кайрылып, өз убагында ОСАГО полисин алыңыз. ОСАГО (жарандык жоопкерчиликти милдеттүү камсыздандыруу) полиси Ошто 76 пунктта берилүүдө. Камсыздандырган жаран кырсыкка кабылган учурда полистин кенемтесин кантип алат, кимге кайрылуусу керек?**

ОСАГО полиси төмөнкүдөй учурларда колдонулат:

-Унаалар катышкан кырсык катталган учурда жабыркаган тараптын чыгымдарын



төлөп берет;

-Эгерде жөө жүргүнчү жабыркаса, анын ден соолугуна келтирилген зыян камсыздандыруу эсебинен төлөнөт;

-Эгер жабыр тарткан тараптын мүлкү (светофор, дарбаза, дубал, же башка объект) талкаланса, анын чыгымы калыбына келтирилет.

Кырсык катталган учурда жаран камсыздандыруу уюмдарына 5 күндүн ичинде кайрылуусу керек.

Кырсыкка кабылып калган учурда биринчи кезекте жабыркагандар үчүн тез жардам чакыруу кажет. Андан кийин МАИ кызматкерлерине жана уюмдун авариялык кызматына байланышса болот. Себеби, алар келип кырдаалга өз баасын бериши керек. Окуя расмий түрдө катталып, текшерүү иштери жүргүзүлгөндөн кийин, эртеси күнү саат ондо уюмдун талдоосу күчүнө кирет. Себеби, уюмдун иш-аракеттери органдардын бүтүмүнүн негизинде ишке ашат.

Зыянга учураган унаалардын санына чектөөлөр киргизилген. Ал эми адамдардын санына чектөө жок. Бир унаа бир нече унаага зыян келтирген учурда ОСАГО полиси үч унаанын гана чыгымы үчүн ар бирине (унаанын абалына жараша) эң көп дегенде 150 миң сомдон төлөп берет.

Ошондой эле, кайсы бир жаран унаасы менен ичинде 20 жүргүнчүсү бар автобусту сүзүп алган учурда компания ден соолугуна зыян келтирилген ар бир адамга эң көп дегенде 300 миңге чейинки каражат төлөп берет. Бул албетте, алардын абалына жараша болот.

Кырсык учурунда төмөндөгүдөй кадамдар жасалышы керек:

-Эгерде сиз жол кырсыгына учурасаңыз – дароо унааны токтотуңуз, авариялык жарык сигналын күйгүзүп, окуя болгон жерде коопсуздукту камсыз кылыңыз;

-Унааларды жылдырбаңыз – жол кырсыгынын көрүнүшүн сактоо үчүн унааларды баштапкы абалында калтырыңыз жана жол кызматкерлеринин келишин күтүңүз;

-Керектүү кызматтарды чакырыңыз – окуя тууралуу дароо МАИ кызматына жана МКУнун авариялык кызматына билдириңиз, бул камсыздандыруу ишин тез арада тариздөөгө шарт түзөт;

-Жабыркагандарга кам көрүү максатында тез жардам кызматын чакырыңыз;

-Кырсык болгон жерди каттаңыз – маалыматтарды тиешелүү кызматтарга берүү үчүн, ар кандай ракурстан сүрөт жана видео тартыңыз, көргөн күбөлөрдүн маалыматын жазып алыңыз.

Белгилей кетсек, өлкөдө "ОСАГО" жөнүндөгү мыйзам 2016-жылы кабыл алынып, 2023-жылдын башында күчүнө кирген. Буга чейин камсыздандыруунун бул түрүнө айып пул салына элек болчу. 1-июлдан тарта ОСАГО полисин албаган унаа ээлери текшериле баштайт. Камсыздандыруунун 1 жылдык баасы жеңил унаалар үчүн 1680 сомдон башталат. 1-июлдан тарта унаасы камсыздандырылбаган айдоочуларга айып пул салына баштайт.

**А.САПАРБАЕВА.**

Эч ким, эч нерсе унутулбайт

# ЛЕНИНГРАД ФРОНТУНДА БОЛГОН ЖООКЕР

**Базарбаев Ешен Ташбай уулу 1921- жылы туулган. Ал 1938-жылы Өзгөн шаарындагы Фрунзе атындагы орто мектепти бүтүрүп, Советтик Армиянын катарына чакырылган. 1939-жылы Ленинград шаарында кенже командирлердин мектебин ийгиликтүү аяктап, замбирекчилердин командири болуп 1939-жылдын 30-ноябрынан 1940-жылдын 13-мартына чейин совет-фин согушуна катышкан.**

1941-жылы Улуу Ат-Мекендик согуш башталган күндөн 1943-жылы декабрь айына чейин Ленинградды коргоодогу салгылашууда болгон. Согуш отунда тайманбай кайраттуулук менен кужурмөндүүлүк көрсөткөндүгү үчүн взводдун командири, батареянын командиринин орун басары жана батареянын командири кызматтарына чейин дайындалган.

Базарбаев Ешен Ташбай уулу өзүнүн эскерүүлөрүндө: “Мен командир болгон батареяда 100гө жакын солдаттардын көпчүлүгү орустар, белорустар жана украиндер эле. Кыргыздардан жалгыз мен болгом, башка улуттар болгон эмес. 1942-жылдын 10-декабрынан мени 567 минометтук полкунун 1-батареясына командир кылып дайындап, ушул кызмат менен 1943-жылы 12-январда



башталган блокаданы жарып чыгуу боюнча түзүлгөн “Искра” аттуу чоң чабуулуна катыштым. Фашисттердин позициясына каршы 1943-жылдын 12-январында эртең мененки саат 8-00 дө Московская Дубровна кыштагында Нева дарыясынын боюнда 4500 замбиректер, минометтер чабуулга өтүп, ок ата баштады. Туткунга түшкөн немецтердин солдат, офицерлери “мындай чабуулду, артиллериянын октору жарылгандан жер титирөө болгонун эч качан көргөн эмеспиз” деп айтышты. 1943-жылдын 18-январында №5-жумушчу поселкасында Ленинграддын блокадасы жарылып, эки фронттун жоокерлери бири-бирине кошулушту. Ладога көлүнүн жээгинде 10-12 чакырым участка бошотулуп, 17 күндүн ичинде темир жол курулуп бүткөн. Ленинградка азык-түлүктөр, согуш куралдары жеткирилe баштаган, шаарды коргоодо жарадар, оорулуулары, карыган адамдарды, жаш балдарды алып чыгып чыгышка жөнөтүлүп турган. Блокаданы бузуп чыгуу Ленинграддагы согуштун тарыхый окуялардын бири болгон” дейт. Базарбаев Ешен Ташбай уулу фронтто эки жолу жарадар, контузия болуп, согуштун II-группадагы инвалиди катары 1943-жылдын декабрь айында туулган жери Өзгөнгө кайтып келген.

Базарбаев Ешен Ташбай уулу 1944-жылдан 1963-жылдарга чейин Ош облусунун район, шаарларынын партиялык кызматтарда иштеген. Алардын ичинен: Өзгөн райкомунун экинчи катчысы, Фрунзе, Алай райондорунун жана Ош шааркомунун биринчи катчысы болуп кызмат кылган. Ошол жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат, Кыргызстан КП БКнын мүчөсүнө, Ош обкомунун бюро мүчөсүнө, областтык Советтин депутаттыгына бир канча жолу шайланган.

Ешен Ташбай уулу Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени, Кызыл Туу, “Ардак белгиси” ордендери жана 16 медаль менен сыйланган.

Бир канча жолу Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасына татыктуу болгон.

1963-жылдан мугалимдик кесипте доцент болуп эмгектенди. Көптөгөн жаш муундарды тарбиялады. 1979-жылы экономикалык илимдердин кандидаты деген илимий даражаны коргоп алган. “Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнүн отличниги” деген төш белгинин ээси болгон.

**Айнагүл Урусова, Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгынын Маалымат берүү, документтерди колдонуу жана жарыялоо бөлүмүнүн башчысы.**

Тарых барактарынан

# Жакыпбек байдөөлөт

### Жети-Шаар мамлекети

"Кайың барбы, кыргыз балта чаппаган, кырлар барбы, кыргыз сөөгү жатпаган" деген накыл сөздүн артында көп маани турат. Тарыхты үңүлө карасак, жоокерчилик заманда калган кыргыз изи бардык аймактардан табылат. Алардын бири Чыгыш Түркстандагы Жети-Шаар мамлекетинин башкаруучусу Жакыпбек Байдөөлөт Мирлатифбек уулу. XX кылымдын башталышында Кытай тараптагы Түркестанды белгилөөдө "Төрт шаар" Алты шаар" жана "Жети шаар" көбүнчө "Алты шаар" деп белгиленет. Чыгыш Туркестандын алты шаары: Куча, Аксу, Үч-Турфан, Кашгар, Яркенд (Жаркент) жана Хотан. Жети шаардын курамына авторлор Кашгар менен Яркендин ортосунда жайгашкан Янги-Хисарды да кошушат.

Расмий документтерде анын туулган жылы, улуту тууралуу кайчы пикирлер бар. Оозеки маалыматтарда Жакыпбек 1820-жылы Ташкендин Искен кыштагында туулгандыгы жана кыргыздын кыпчак уруусуна караштуу тору айгыр уругунан экендиги айтылат. Тарыхый булактардын кээ бирлеринде анын уруусун кесек уруусуна ыйгарган учурлар бар.

### Оомал-төкмөл учур

Анын бийликке аралашуусу Ташкент бегинин жардамы менен Чыназ дубанынын акимдигине дайындалуусу менен башталат. Андан кийин 1851-жылы Кокон хандыгына караштуу Акмечит (азыркы Кызыл- Ордо) калаасынын беги болгон. 1852-ж. Ак-Мечитке кол салган полковник Бларамбергдин колуна катуу сокку берген. Кийин «Сары- Камыш көлүн орус өкмөтүнө сатты» деген айып тагылган. Кудаяр ханга каршы уюштурулган козголоңчуларга кошулуп, ал ишке ашпай калып, 1853-жылы Бухарага качкан. 1958-жылы Кудаяр бийликтен кеткенде ал Коконго кайтат. Жакыпбекти Нармухаммед Ташкентте кушбек болуп турганда кызматка алган. Кудаярхан алгач куугунтукка алган менен кийинчерээк Аны Кожентке бек кылып дайындаган. Жакыпбекти Бухар ханы туткундап, сегиз ай зынданда жатып чыкканда Кудаярхан ага паңсат даражасын ыйгарган.

Кудаяр хан экинчи жолу бийликке келгенде (1862), Жакыпбек кайрадан өлүм жазасына буюрулган. 1863-жылы Алымкул аталык ага ордо кызматынын бирин берген.



Алымкул аталык, Чыгыш Түркстан

1864-жылы Чыгыш Түркстанда Цин баскынчылыгына каршы көтөрүлүш башталып, «Канкожо» деген ат менен кара тоолук кожо Рашид-ад Дин хан шайланган. Анын иниси Искак кожо кол башчы болуп, бул жактагы шаарларды кытай аскеринен бошото баштаганда, кара тоолуктарга каршы Кыпчак (айрым маалыматтарда кыргыз) Сыдык бек башында турган көтөрүлүшчүлөр Кашкарды ээлешкен.

Сыдык бек Кокондун башкаруучусу Алымкул аталыкка кайрылып, Жааңгер кожонун уулу Бузурук кожону хан көтөрүү үчүн Кашкарга жөнөтүүсүн сурайт. Ушундай учурдан пайдаланып, аларды өз таасирине алууну көздөгөн Алымкул ал жакка актоолук кожо Жааңгердин тукуму Бузурукту жиберген. 1864-ж. Бузурук кожо Жакыпбек жана Алымкулдун тууганы Алдаштын коштоосунда 60 киши менен Кашкарга киргенде, Сыдыкбек бийликти Бузурук кожого берген.

Жакыпбек баатыр-башы кызматын алып, Кашкардын айланасындагы бир канча ийгиликтүү жортуул жасагандан кийин мамлекеттик иштен көрө оюн-зоокту артык көргөн Бузрук кожону Мекеге зыяратка жөнөтүп, андан бийликти тартып алган. Үч жылдын аралыгында Кашкар, Янги-Гиссар, Жаркен жана Хотан округдарын бириктирип, 1866-жылы өзүн мамлекеттин башчысы –«Жакыпбек байдөөлөт» («дөөлөт ээси») деп жарыялаган. Анын аскеринин басымдуу бөлүгү кыргыз, казактардан турган.

### Тышкы саясат

1867-жылы Жакыпбек Чыгыш Түркстандагы Кашкар, Жаркент, Котон, Аксу ж. б. шаарды биротоло баш ийдирген жана тышкы саясатында Англия менен Россиянын ортосундагы карама-каршылыкты пайдаланган. Россиядан Жети-Шаар мамлекетин расмий таанууну, өздөрүнө куралжарак сатууну жана Түркстан, Жети-Суудан Жети-Шаарга өтүүнү каалоочуларга тоскоолдук кылбоону сураган

Орус соодагерлери менен Жакыпбек өзүнүн жээни Шады Мырзаны Түркстан генерал-губернатору Кауфманга туруктуу соода байланыштарын орнотуу жана Россия менен чегараларды тактоо үчүн жөнөткөн. Кауфман Шады Мырзаны Петербургга узаткан, бирок Россия Кытай менен достук мамиледе тургандыктан, Жакыпбек менен эч кандай сүйлөшүүлөргө барбай тургандыгын билдирген.

Жакыпбек Россияга каршы кыргыз манаптарын колдоп, Ат-Башыны өзүнүкү деп эсептеп, Кара-Кужур, Соң-Көлдү алууга ниеттенген. Сарыбагыштын манабы Адыл, бугудан Балбай баатыр, солтодон Маймыл менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, ал үч урууну орус баскынчыларына каршы көтөрүүгө чакырат. Орус бийлиги Адыл, Балбай баатырларды Жакыпбек менен менен байланышы бар деген кармап, Верный шаарына жөнөтүп, Маймылды Олуя-Атада атып өлтүрүшкөн.

Россия менен байланыш түзүү аракеттери ийгиликсиз аяктагандан кийин Жакыпбек Англия менен мамилесин чыңдай баштаган.

### Эмир даражасы

1874-жылы түзүлгөн келишим боюнча Англия Кашкардын көз карандысыздыгын жана Жакыпбек байдөөлөт амир даражасындагы мамлекеттин башкаруучу бийлигин таанышкан. Кашкар мамлекетин Түрк султаны дагы таанып, Жети-Шаардын туусу Түркиянын желеги болуп, түрк султаны Абдул-Азиздин атынан тыйын чыгарылып, түрк султаны ага эмир даражасын ыйгарган. Кашкар шаарынын атынан Меккеге сарай салдырган. Бул келишим Кашкардын Англиянын таасир этүү чөйрөсүнө айлангандыгын тастыктаган.

### Кыргыз, казактын тиреги

Орус бийлигине нараазы болгон кыргыз, казактар аны тирек кылып, көбү Чыгыш Түркстанга качышкан.

Тарых изилдөөчү Кыргыйбек Молдожунусов белгилүү манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун 1947-жылы жазган кол жазмасына таянуу менен Ал Тайлак баатырдын уулдары Осмон жана Баракан менен жылуу мамиледе болгондугу тууралуу маалыматтарды жарыялаган. 1968-жылы Осмон датка Орусия империясына багынуудан баш тартып, өзүнүн караштуу урууну-миң түтүндөй калкты Кашкарга көчүргөн кетет. Жакыпбек байдөөлөт Осмонго кыштоо үчүн Бакалуу, жайлоо үчүн Сары-Колду, Ат-Ойнокту ыйгарат.

Ыбрайым Абдырахмановдун кол жазмасында Жакыпбек байдөөлөт Кытай менен урушкан учурда Баракан миң башы болуп барган. Байдөөлөт Бараканды дайым "Баракан баатыр" деп айтчу экен" деп айтылат.

Айрым тарыхый булактарда Жакыпбек байдөөлөттүн тушунда азыркы Кыргызстандын Ат-Башы жана Кара-Кулжа районунун бир бөлүгү «Жети-Шаар мамлекетинин» курамында тургандыгы айтылат.

Алсак, Кара-Кулжанын Алайку аймагында Качыбек бийдин уулу Жаныгул Жакыпбек байдөөлөттүн жакын адамы катары ордодо чоң кызматта тургандыгы тууралуу узун сабак сөз бар.

Жаныгул өз жерине кайтканда Күйөө-Ташка медресе ачтырып, Кашкардан ала келген сабаттуу молдолорго балдарды окуткан. Бул медресенин аты алыска тарап, тиягы Ат-Башыдан келген, бул жагы Кара-Кулжадан барган балдар окуган күчтүү диний окуу жай болгон.

### Акыркы учур

1876-жылы Цин империясы дуңгандардын көтөрүлүшүн баскандан кийин Чыгыш Түркстанга жүрүш жасай баштаган. 1876-жылы кышында Даванчи кырка тоосунун эки тарабында Жакыпбек менен Цин империясынын күчтөрү бири-бирине каршы согушууга даяр турган. Бирок чечүүчү салгылашуу болгон эмес.

1877-жылы июнь айында Жакыпбек каза болгон жана көп узабай Цин империясы Чыгыш Түркстанды кайрадан басып алган. Жакыпбек өзүнүн заманына жараша авантюралуу саясат жүргүзгөн айлакер башкаруучу болгон.

**Даярдаган:**
**Төлөнбай Абдыразаков.**

---

Билим

# ОшМУ Кытайдагы "Пейли устаканасы" долбоорунун эл аралык өнөктөшү болду

19-июнунда Кытайдын Ганьсу провинциясынын Байинь шаарында Байинь тоо-металлургиялык кесиптик-техникалык окуу жайы, Ош мамлекеттик университети, Jiangsu Huibo Robot Technology компаниясынын ортосунда «Пейли устаканасы» аттуу кызматташтык долбоорунун ачылышы жана үч тараптуу келишимге кол коюу аземи өттү.

«Бир алкак, бир жол» демилгесинин 12 жылдыгына карата уюштурулган иш-чаранын жүрүшүндө ОшМУнун проректору Уларбек Молдояров баштаган делегация Кытайдагы өнөктөш окуу жайлардын заманбап лабораториялары, окуу-өндүрүш борборлору менен таанышты. Алар биргелешкен билим берүү жана кадр даярдоо долбоорлорунун алкагында тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүк алды.

«Пейли устаканасы» — бул кесиптик билим берүү жаатындагы эл аралык кызматташууну өнүктүрүүгө багытталган үлгүлүү платформа болуп саналат. Аталган демилге кесиптик билим берүүдөгү сапатты арттыруу, инновациялык ыкмаларды киргизүү жана өнөр жай менен билим берүү чөйрөсүн айкалыштыруу максатында ишке ашырылууда. Долбоордун алкагында заманбап жабдуулар менен камсыздалган окуу борборлору түзүлүп, окутуучулар жана студенттер үчүн адистиктерди терендетип окутуу, тил үйрөнүү жана өндүрүштүк практикаларды уюштуруу каралган.

«Долбоор эки элдин жаштарын жакындаштырууга жана өз ара түшүнүшүү аркылуу жогорку сапаттагы кадрларды даярдоого өбөлгө түзөт. Бул кызматташтык университеттер, индустриялар ортосундагы байланыштын ийгиликтүү мисалы катары Борбор Азияда интеллектуалдык өндүрүш жаатында жаңы муун адистерин тарбиялоого багытталган жана ОшМУнун эл аралык байланыштарын терендетүүдөгү маанилүү кадамы болуп саналат», - деди Молдояров.

Ошондой эле иш-чарада ОшМУ менен Кытайдагы өнөктөш мекемелер кесиптик билим берүү, окуу программаларын жана стандарттарды иштеп чыгуу, окутуучулардын академиялык квалификациясын жогорулатуу, чет тилдерди үйрөтүү боюнча окуу материалдарын биргелешип түзүү, маданий-гуманитардык багыттагы өз ара кызматташтыкты өнүктүрүү жаатында бир катар макулдашууларга жетишти.

**З.Нуралиева.**

---

Жарыялар

### Жараксыз деп табылсын.

Ортикова Нилюфар Кимсанбаевнага 2014-жылы Ош шаарындагы Ага Хан мектеби тарабынан орто билими тууралуу берилген аттестаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Эдилбек кызы Нуржамал 2009-жылы Ныязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынынын Кыргыз Эл аспаптар бөлүмүн бүтүргөндүгү тууралуу берилген № СС 090109266 каттоо № 2669 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Анарбай кызы Сүйүмкан 2009-жылы Ныязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынынын Кыргыз Эл аспаптар бөлүмүн бүтүргөндүгү тууралуу берилген № СС 090109239 катоо № 2666 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

Жеке ишкер Аджоян Ризван Рустамовичке таандык болгон ИНН 22602198800401 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**Асылбек Маметов — Алайкуунун аңызга айланган кооз жаратылышында туулуп, айылдык турмуштун катаалынан да, касиетинен да сабак алган, жүрөгү ыр деп соккон акын. Ал 1962-жылы Кара-Кулжа районунун Күйөө-Таш айылында жарык дүйнөгө келип, бала кезинен мал артында жүрүп, элеттик жашоонун чыныгы даамын таткан.**

Асылбек агасынын ырлары — элет турмушунун тарыхы, айылдын түйшүгү менен кереметин кошо сүрөттөгөн турмуштук обон. Ар бир саптан жүрөктүн жылуулугу сезилип, окурманга тааныш сүрөттөр көз алдыга тартылат. Ырлары жашоонун өзөгүнөн жаралгандай...

Анын чыгармачылыгында Ата-Мекен темасы өзгөчө орунда турат. Ата-Журтка болгон махабат, эне жерге болгон сагыныч, тоо арасында өткөн балалык чактар — бул темалар акындын дээрлик бардык ырларынан кездешет. Алар окуган адамды өзүнүн төркүнүнө, өзүнүн изин калтырган өрөөнгө алып жөнөйт.



Маметовдун ырларында сүйүү темасы да сөзсүз көтөрүлөт. Ал сүйүүнү назиктик менен сүрөттөп, аялзатына болгон урматын ыр менен айтат. Аял — акын үчүн ыйыктык, өмүрдүн жарыгы, жүрөктүн ээлеп калган арзуулугу. Бул сезимдердин бардыгы ыр аркылуу кумарлуу, бирок, сыпайы баяндалат.

Анын ырлары жандуу, обондуу саптарга бай. Окурман Асылбек Маметовдун ырларын окуганда анын поэзиясы сүйлөп, жүрөктү дирилдетип, кээде сагындырып, кээде дем берип турат. Бул саптар турмушту көркөмдөп эмес, турмуштун өзүн ыр кылып берет.

Жашоосу канчалык карапайым болсо да, акындык таланты менен ал өзүн элге тартуулоону унуткан эмес. «Ыр канаттуу Алайкуу» аттуу китеби жарык көрүп, «Ош жаңырыгы», «Майдан», «Мезгил үнү» гезиттери аркылуу окурмандардын кеңири катмарына таратылган.

Анын 20га жакын обону бар, бирок, жарыялана элек. Ал ушул ырларын жарыкка чыгарып, өзүндөгү талантты элге тартуулагысы келет. Төмөндө Асилбек Маметовдун айрым ырларын сунуштайбыз.

**Редакциядан.**

# Ыр менен жашаган жүрөк

## Ысык-Көл

Ысык-Көл жаралыпсың бир Алладан,
Кылымдардан айтылып атың чыккан.
Кереметсиң, касиетиң күчтүү экен,
Атыңды угуп адамдар келип жаткан.

Көлдү жалгыз Аалам өзү жаратып,
Төгөрөгүн тоолор менен курчатып.
Сулуулукту ченебестен бериптир,
Көлдүн атын бүт дүйнөгө чыгарып.

Көл боюнда эс алган адам толо,
Туш тараптан келген көп го ушул көлгө.
Түгөнбөгөн ырыскыны кенен берип,
Ыроолотуп Алла Таала бир өзүнө.

Көңүл эңсеп көрүүгө мен ашыктым,
Көл көрүүгө сапар жолго аттандым.
Көктөн тилеп бир көрүүгө зар болуп,
Көлгө келип мен өзүмчө кубандым.

Көл толкуну кызыктырып өзүмдү,
Кубандырды сүйүндүрдү жүрөктү.
Эңсеп жүргөн Ысык-Көлдү көргөндө,
Көңүл сергип пайда кылды үмүттү.

## Аялдарга

Аял назик, үлбүрөгөн гүлдөй болуп,
Аял арзуу, жүрөгүнө сүйүү толуп.
Аял апам айланамды жарык кылып,
Шоола чачып тегиз тийген күндөй болуп.

Аял бакыт жолдошуна төрөп берген,
Алдейлеп ак бешикке бөлөп берген.
Аял мээрим жылуулугун ыроологон,
Кубаттап оош-кыйышты жөлөп келген.

Аял күлкү, жан дүйнөңдү аруулаган,
Оорунду жылмаюусу дарылаган.
Мөңгүдөн агып түшкөн тунук булак,
Жашоонун нугу болуп агып турган.

Аял жылдыз так төбөдөн жанып турган,
Сезимди бийик тутуп колун сунган.
Тагылып жүрөгүңө ай-чолпондой,
Айланып апакеңдей көңүл бурган.

Аял жакшы эр жигитке бүлө болгон,
Аялдардын мээримине аалам толгон.
Эне тилин үйрөтүшкөн алдей айтып,
Эмгегин милдет кылбай жасап койгон.

Аялдарсыз жашоо супсак көрүнгөнсүйт,
Аялдар бар айдын нуру төгүлгөнсүйт.
Аялдар бар эркектердин көңүлү ток.
Аял менен күн чубагы өрүлгөнсүйт...

## Ыдырыска каалоо...

Аксакал аба Ыдырыс,
Чабандан ишти баштапсыз.
Туруктуу иштеп бир жерде,
Депутат наамын алыпсыз.

Бузулуп заман өзгөрүп.
Ыдырап Союз кеткенде.
Чабандык иштен баштартып,
Шоферлук жакка ыктапсыз.

Жаш кезден баштап эмгекти,
Жаныңдан артык сүйүпсүз.
Төрт бала жалгыз бир кызга,
Мээримдүү ата болупсуз.

Эмгекти таза жасаган,
Эмгектен атың аталган.
Ыдырыс атың аталып,
Ишинди элиң баалаган.

Сыйлыкты абам алды деп,
Сыйлашып элиң кубанган.
Сыртыңдан угуп атыңды,
Көрүүгө баары кызыккан.

Тез жардам айдап унаасын,
Күн-түнү оору ташыйсыз.
Кайраттуу болуп турасыз,
Картайса да жашыңыз.

Неберелер тегеректеп отуруп,
Тосуп чыгып чебережер жүгүрүп.
"Чоң ата" деп жолуң тосуп турушса,
Капаң кетип, күлкүң чыгып сүйүнүп.

Депутаттык бир өзүнө буйруптур,
Кыдыр ата бир өзүңдү колдоптур.
Бактылуулук конгон экен башыңа,
Бөскөрбөстөн бир калыпта толуптур.

Кыргыз эли эгемендүү болгондо,
Сьезд болуп чакырыптыр борборго.
Мойнуңузга жоопкерчилик жүктөлүп,
Болуптурсуз жооптуу адам ошондо.

Энекебиз келбес сапар алыптыр,
Ичиң сыздап, кайгы-капа басыптыр.
Жалгыздыкты тартыптырсыз абаке,
Жалгыз өзүң, өзүң менен сырдашып.

Атың жаздым каалоо-тилек ыр кылып,
Өчпөс кылып тарыхка атың калтырып.
Алла берген жашың менен жашай бер,
Балдарыңа, эл-журтуңа тээк болуп.

## Сүйүү

Эх, сүйүү, үлбүрөгөн назик сезим,
Түбөлүккө үзүлбөстөн турса деймин.
Ысытып, жалыны бар чокко салып,
Үшүтүп, кээде тонуп ички сезим.

Сагынтып саргайтасың шаштымды алып,
Кусага малынамын өңдөн азып.
Кантсең да кайра таттуу сезилесиң,
Тамшанам махабаттын даамын татып.

Эх сүйүү дүбүрт салып жүрөгүмө,
Алып учуп бараткансыып сүйгөнүмө.
Аттиң ай ал күндөрүм артта калды,
А бирок жашайт сезим түбөлүккө.

Өчпөсүн жан дүйнөмөн махабатым,
Сүйгөнүм кыялымдан сени таптым.
Качанкы сезимимди ырга салып,
Сүйүүнүн көлүнө мен сүзүп бардым.



**Асылбек Маметов**